совокупности формируют методологическую основу для построения эффективной модели самостоятельной работы, соответствующей современным требованиям образовательного процесса.

Заключается, что комплексное применение этих подходов способствует:

- формированию у студентов профессионально значимых знаний и умений;
- развитию учебной и профессиональной мотивации;
- воспитанию ответственности за результаты своей деятельности;
- приближению учебного процесса к реальным условиям профессиональной среды.

Таким образом, использование научных подходов при организации профессионально-направленной самостоятельная работа студентов представляет собой необходимое условие повышения качества профессионального образования и подготовки конкурентоспособных специалистов. Перспективными направлениями дальнейших исследований являются разработка практико-ориентированных моделей самостоятельная работа студентов и внедрение цифровых инструментов для её поддержки и мониторинга.

**Список литературы**


1. Вербицкий, А. А. Активное обучение в высшей школе: контекстный подход / А. А. Вербицкий. — М.: Высшая школа, 2006. — 207 с.
2. Полат, Е. С. Новые педагогические и информационные технологии в системе образования / Е. С. Полат и др. — М.: Академия, 2021. — 368 с.
3. Гильбух, Ю. З. Организация самостоятельной работы студентов: учебное пособие / Ю. З. Гильбух. — М.: Академический проект, 2019. — 224 с.
4. Андреева, Т. В. Самостоятельная работа студентов в образовательном процессе вуза / Т. В. Андреева // Высшее образование в России. — 2018. — № 7. — С. 112–117.
5. Кларин, М. В. Инновационные модели обучения / М. В. Кларин. — М.: Педагогика, 2010. — 192 с.
6. Касымова А.С. Методология и методы обучения, и их классификация педагогических исследований. - 2025. Т. 25. № 1. С. 57-64.
7. Волкотрубова, А. В. Использование IT-технологий в стимулировании познавательной самостоятельности студентов // Научный журнал: «Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана» – 2018. № 9.– С. 124-126. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=37030564 – EDN: YYHBNR


**УДК:373.2** **DOI: https://doi.org/10.56122/..v1i2.412**

## ЖОМОКТОР, ТАБЫШМАКТАР ЖАНА ЖАҢЫЛМАЧТАР АРКЫЛУУ МЕКТЕПКЕ ДАЯРДОО ТАЙПАСЫНДАГЫ БАЛДАРДЫН СӨЗ БАЙЛЫГЫН ӨНҮКТҮРҮҮ

Мадалиева Санталат Ахуновна - Ош МПУ улук окутуучу

ORCID:0009-0008-8017-0566
e-mail : smadalieva1@gmail.com

**Аннотация**

Мектепке даярдоо тайпаларында жомоктор, табышмактар жана жаңылмачтарды колдонуу - бул балдардын чыгармачылыгын, тилдик жана когнитивдик өнүгүүсүн колдоочу маанилүү ыкмалардын бири. Булардын ар бири өзүнчө балдардын психологиясына, сезимдерине жана ой жүгүртүүсүнө таасир этет. Макалада жомоктор, табышмактар, жаңылмачтарды колдонуу аркылуу мектепке даярдоо тайпаларында жетишкендиктерди жана алардын пайдалуулугун талкуулайбыз. Жомок,табышмак жана жаңылмачтар мектепке даярдоо тайпасы үчүн маанлүү болуп саналаары белгилүү.Алар балдардын тилдик, логикалык жана акыл-эстик өнүгүүсүн гана эмес, моралдык жана этикалык принциптерди үйрөнүүдө алгачкы баскычтардын бири Тарбиячылардын ишмердүүлүгүндө бул ыкмалар кеңири тажрыйба жана маанилүү

билимдерди сунуштайт, ал эми балдардын коомдук чөйрөдө ийгиликтүү социалдашуусуна өбөлгө түзөөрүнө ынанабыз. Мектепке чейинки билим берүүдө жомоктор өзгөчө орунду ээлейт. Алар балдардын тилдик жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө, ой жүгүртүүсүн өркүндөтүүгө жана чыгармачыл ойлоосун калыптандырууга жардам берет.Жаңылмачтар мектепке чейинки балдарды тарбиялоодо негизги ыкмалардын бири болуп саналат. Жаңылмачтар балдардын дикциясын, фонематикалык угуу жөндөмүн, туура жана так сүйлөө көндүмүн жакшыртат Ал эми табышмактар балдардын ойлоосун, салыштыруусун, элестетүүн калыптандырууга түрткү берет

**Ачкыч сөздөр:**иннтонация,рифма,ыкма,абстракция,сыпат,көйгөй,логика.

## РАЗВИТИЕ СЛОВАРНОГО ЗАПАСА ДЕТЕЙ В ПЕРИОД ПОДГОТОВКИ К ШКОЛЕ ЧЕРЕЗ СКАЗКИ, ГОЛОВОЛОМКИ И СКОРОГОВОРКИ

Мадалиева Санталат Ахуновна - Ош ГПУ старший преподователь
ORCID:0009-0008-8017-0566
e-mail : smadalieva1@gmail.com

**Аннотация**

Использование сказок, загадок и новинок в подготовительных к школе группах - один из важнейших способов поддержки творческого, языкового и когнитивного развития детей. Каждый из них по отдельности влияет на психологию, чувства и мышление детей. В статье мы обсудим достижения и их полезность в подготовительных группах к школе с помощью сказок, загадок, использования новелл. Хорошо известно,что сказки, головоломки и головоломки важны для команды по подготовке к школе.Они не только способствуют языковому, логическому и умственному развитию детей, но и являются одним из первых этапов в изучении моральных и этических принципов.в деятельности педагогов мы убеждены, что эти методы предлагают широкий опыт и важные знания, а также способствуют успешной социализации детей в социальной среде. Сказки занимают особое место в дошкольном образовании. Они помогают детям развивать языковые навыки, развивать мышление и формировать творческое мышление .Инновации являются одним из основных методов воспитания детей дошкольного возраста. Лжецы улучшают детскую дикцию, фонематический слух, навыки правильной и точной речи а загадки стимулируют детей к формированию мышления, сравнения, воображения

**Ключевые слова**: иннтонация, рифма,метод, абстракция, прилагательное, проблема, логика

## DEVELOPING VOCABULARY OF CHILDREN IN SCHOOL PREPARATION THROUGH FAIRY TALES, PUZZLES AND FUNNY WORDS

Madalieva Santalat Akhunovna – OshSPU, Senior Lecturer

ORCID:0009-0008-8017-0566
e-mail : smadalieva1@gmail.com

**Abstract**

The use of fairy tales, riddles and riddles in preschool groups is one of the important methods that support children's creativity, linguistic and cognitive development. Each of them has a different effect on the psychology, emotions and thinking of children. In the article, we will discuss the achievements and their usefulness in preschool groups through the use of fairy tales, riddles and riddles. It is known that fairy tales, riddles and riddles are important for preschool groups. They contribute not only to the linguistic, logical and intellectual development of children, but also to one of the first stages in learning moral and ethical principles. In the activities of educators, these methods provide extensive experience and important knowledge, and we are convinced that they contribute to the successful socialization of children in the social environment. Fairy tales occupy a special place in preschool education. They help develop children's linguistic skills, improve their thinking and form creative thinking. Riddles are one of the main methods in the upbringing of preschool children. Riddles

improve children's diction, phonemic hearing, and correct and precise speech skills. Riddles encourage children to think, compare, and develop imagination.

**Keywords:** intonation, rhyme, method, abstraction, adjective, problem, logic.

Мектепке даярдоо тайпасында балдардын сөз байлыгын кеңейтүү бул -баланын инсандык өнүгүүсүнүн негизги куралы гана эмес, мектепке ийгиликтүү даярдыктын да маанилүү көрсөткүчү. Мектепке чейинки курак – тилдин активдүү өнүгүү баскычтарынын бири катары- баланын ой-жүгүртүүсүн, дүйнөнү таанып-билүүсүн, өз оюн так жана таамай жеткирүү жөндөмүн калыптандырууда өзгөчө мааниге ээ мезгил. Бүгүнкү мектепке чейинки билим берүү балдардын жалпы өнүгүүсүнө көңүл бурууга муктаж,өзгөчө тилдик өнүгүүсүнө жана сөз байлыгына, балдардын сөз байлыгын кеңейтүү менен бирге тилдик чеберчиликтерин, сүйлөө маданиятын жана чыгармачыл ой жүгүртүүсүн өрчүтүү зарыл. Мектепке чейинки балдардын интеллектуалдык жана социалдык өнүгүүсүнө өбөлгө түзүү үчүн жомок, табышмак жана жаңылмачтарды колдонуу чоң мааниге ээ.Бул алдардын тилдик өнүгүүсүн, логикалык ой жүгүртүүсүн жана акыл-эсинин өсүшүн жакшыртат. Жомоктор, жаңылмачтар жана табышмактар мектепке чейинки балдардын тилди өздөштүрүүсүндө жана сөз байлыгын арттырууда маанилүү .

Жомоктор мектепке чейинки куракта баланын тилдик өнүгүүсүнө түздөн-түз таасир этүүчү эң байыркы жана натыйжалуу булактардын бири болуп саналат. Кыргыз элинин тарыхый маданиятында жомоктор ар бир муунга билим берүү, тажрыйба өткөрүп берүү жана моралдык-этикалык нормаларды сактатуу үчүн негизги каражат катары колдонулуп келген. Жомоктор баланын тилин гана байытып тим болбостон, анын акыл-эсин, сезимин, ой жүгүртүүсүн жана дүйнө таанымын калыптандыруучу күчтүү таасирдүү каражат . Педагогикалык жана психологиялык изилдөөлөргө ылайык, мектепке чейинки куракта тилдин өнүгүүсү эң интенсивдүү жүрөт жана бул учурда бала көп сандагы жаңы сөздөрдү, грамматикалык формаларды, сүйлөмдөрдүн түзүлүшүн өздөштүрүүгө жөндөмдүү болот.[1,47 б ] Жомоктор баланын сөз байлыгын кеңейтүүдө бир нече механизм аркылуу иштейт.

Биринчиден жомоктордо сөздөр көркөм-образдуу формада колдонулат,каармандардын сүрөттөлүшү, алардын мүнөздөмөлөрү, табияттын көрүнүштөрү ар дайым сыпаттоо, салыштыруу аркылуу берилет. Мисалы “ак булуттай аппак козу”, “чагылгандай чартылдаган жигит”, “түмөн жүндүү карышкыр” сыяктуу поэтикалык образдар балдардын сөз байлыгына жаңы сын атоочторду, салыштырууларды киргизет.

Экинчиден жомоктордо кайталоолор көп кездешет. Элдик оозеки чыгармалардын бул өзгөчө стилди өздөштүрүүнүн табигый механизми менен дал келет анткени бала сөздөрдү жана сүйлөмдөрдү кайталоо аркылуу эсине бекем сактап калат. Мисалы “Бара-бара барды, бара-бара жетти, бара-бара жеңди” деген сыяктуу кайталоолор баланын тилдик чеберчилигин чыңдап, сөздөрдүн ыраатуулугун түшүнүүгө үйрөтөт Жомоктор тилдин эмоционалдык жана интонациялык жактарын өздөштүрүүгө чоң таасир этет. Жомок айтуу процессинде тарбиячы ар кандай интонациялардын, үн күчүн, эмоцияларды колдонуп окуйт. Мисалы коркунучту көрүнүштөрдү айтып жатканда үн жай жана катуу басым менен берилсе, кызыктуу же күлкүлүү жерлеринде интонация жеңил жана ыргактуу болот. Бул балдардын сөздү интонация менен айтуу жөндөмүн калыптандырат.Интонациялык өзгөчөлүктөдү туура кабыл алган бала кийин өз ойун так жана таамай жеткире алат. Жомоктор тилди өнүктүрүүдө социалдык жана моралдык мазмуну менен да маанилүү. Каармандардын ортосундагы диалогдордо, талаш-тартыштарда, акылмандык жана адилеттикке байланышкан көрүнүштөрдө ар кандай сөз айкаштары колдонулат. Бала ошол сөздөрдү угуу аркылуу өзүнүн тилдик корун байытып гана тим болбостон, моралдык-этикалык түшүнүктөрдү да өздөштүрөт. Жомоктогу оң каармандын сөздөрү жогорку сапаттарды, терс каармандын сөздөрү төмөн сапаттарды туюнтуп, баланын тилдик өнүгүүсү менен бирге баалуулук системасын да калыптандырат.[2 ,255б]. Жомоктордун дагы бир өзгөчөлүгү – алардын универсалдуулугу. Алар ар бир бала үчүн жеткиликтүү жана кызыктуу формада айтылат. Балдар кээде жомоктогу окуяларды драмалаштырып, каармандардын ролун аткарып беришет.

Бул оюн түрүндөгү иш-аракет тилдик өнүгүүнү кошумча активдештирет. Каармандын ролун аткарган бала анын сөздөрүн жаттап, туура интонация менен айтууга аракет кылат. Демек, жомоктор тилди өнүктүрүүдө оюн менен окутуунун эң натыйжалуу формаларынын бири болуп эсептелет.

Табышмактар мектепке чейинки курактагы балдардын ой жүгүртүүсүн жана логикалык жөндөмдөрүн өнүктүрүүдө өзгөчө мааниге ээ элдик оозеки чыгармалардын бир формасы болуп саналат. Табышмактардын педагогикалык баалуулугу алардын кыска, нуска жана поэтикалык формада болуп, конкреттүү бир предметти, көрүнүштү же процессти кыйыр сүрөттөп берүүсүндө жатат. Мындай сүрөттөө баланы предметтин сырткы белгилерин жана ички сапаттарын ажыратып кароого, салыштырууга, талдоого жана жыйынтык чыгарууга үйрөтөт. Табышмактар баланын ой жүгүртүүсүн активдештирип, суроону жана жоопту логикалык байланышта кармоого багыт берет. Бул жагдай тилдик өнүгүүнүн өзөгүн түзүп, баланын акыл-эс чөйрөсүн кеңейтет. Табышмактардын түзүлүшү өзү эле ой жүгүртүүнү өнүктүрүүгө ылайыкташкан. Анткени табышмакта предметтин аталышы түз айтылбайт, ал сүрөттөө, салыштыруу, метафора аркылуу берилип, угармандын ойлонуп жооп табуусун талап кылат. Мисалы, “Жүзү жашыл, ичи кызыл, уругу бар ар биринде” деген табышмакты бала угаары менен ошол сүрөттөлүшкө туура келген нерсени элестетүүгө аракет кылат. Бул процесс эс, анализ жана синтез операцияларынын кошулушун талап кылат: бала жашыл кабыкты, кызыл ичин, уруктарын элестетип, аларды чогуу кароонун негизинде жообу “каража” экенин табат. Ушундай жол менен табышмактар баланы татаал когнитивдик процесстерге жетелейт жана ой жүгүртүүсүн машыктырат. Табышмактардын дагы бир маанилүү жагы – алар баланын салыштыруу жөндөмүн өнүктүрөт. [3,55 б ]

Табышмактарда көп учурда предмет башка нерсеге салыштырылып берилет. “Күчү бар, өзү жок, түртүп жүрөт өзү жок” деген табышмак шамалды туюнтат. Бала бул жерде күч менен кыймылды элестетип, бирок аны көз менен көрө албаган абалдын сүрөттөлүшүн ой жүгүртүү аркылуу гана табат. Салыштыруу аркылуу баланын абстракттуу түшүнүктөрдү кабыл алуу жөндөмү калыптанат, бул болсо мектепке чейинки куракта ой жүгүртүүнү өркүндөтүүнүн негизги кадамы болуп эсептелет. Табышмактар логикалык ой жүгүртүүнүн гана эмес, чыгармачыл элестетүүнүн да өнүгүүсүнө өбөлгө түзөт. Ар бир табышмак баладан жаңыча ой жүгүртүүнү, кадимки нерселерге башка көз караш менен карап, күтүүсүз чечим табууну талап кылат.Баланын дүйнөнү таанып-билүүсүнө жана чыгармачыл потенциалын ачууга өбөлгө түзөт. Изилдөөлөр көрсөткөндөй, мектепке чейинки куракта чыгармачыл элестетүү менен логикалык ой жүгүртүү бири-бири менен тыгыз байланышта өнүгөт жана табышмактар бул эки процессти айкалыштыра иштетет.

Мындан тышкары, табышмактар балдардын сөз байлыгын да кыйыр түрдө кеңейтет. Анткени аларда көп учурда поэтикалык сөздөр, эпитеттер, салыштыруулар колдонулат. Бала табышмакты уга жатып, жаңы сөздөрдү үйрөнөт, алардын маанисин контексттен чыгарып түшүнөт жана кийин өз сөзүндө колдоно баштайт. Бул тилдик өнүгүүнүн ой жүгүртүү менен айкалышкан формасы болуп эсептелет. Ошондой эле табышмакты угуп жана чечип жаткан учурда бала суроону так угууга, аны талдоого жана логикалык жыйынтык чыгарууга көнүгөт, бул болсо мектепке даярдоонун негизги талаптарынын бири.Табышмактар социалдык мааниге да ээ. Балдар бири-бирине табышмак айтып, жооп издегенде ортодо өз ара байланыш, баарлашуу жана пикир алмашуу жүрөт. Бул процессте алар өз оюн так жеткирүүнү, башкалардын оюн уга билүүнү, пикирди талдап чыгууга катышууну үйрөнөт.Табышмактар баланын тилдик өнүгүүсүн гана эмес, социалдык-коммуникативдик компетенциясын да калыптандырат.

Бул мектепке чейинки баланын акыл-эс чөйрөсүнүн өнүгүүсүндө абдан маанилүү кадам болуп саналат. Мисалы, Выготскийдин “жакынкы өнүгүү зонасы” теориясына ылайык, бала чоңдордун жетекчилиги астында табышмактын жоопторун издеп жатып өз алдынча ой жүгүртүүгө үйрөнөт жана акырындык менен логикалык жана чыгармачыл ой жүгүртүүнүн жогорку деңгээлине көтөрүлөт. Демек табышмактар мектепке чейинки куракта баланын ой жүгүртүүсүн өркүндөтүүнүн универсалдуу жана натыйжалуу куралы болуп эсептелет. [4 ,80б]

Алар баланы логикалык ой жүгүртүүгө, салыштырып талдоого, абстракттуу түшүнүктөрдү кабыл алууга, чыгармачыл элестетүүнү өнүктүрүүгө жана тилдик корун кеңейтүүгө багыттайт.Тарбиячылар мектепке даярдоо тайпасында табышмактарды системалуу түрдө колдонуу менен балдардын интеллектуалдык потенциалын кеңейтип, аларды мектептик билим алууга даярдоодо чоң ийгиликтерге жетише алышат.

Жаңылмачтар мектепке чейинки курактагы балдардын фонетикалык өнүгүүсүндө өзгөчө маанилүү орунду ээлейт. Элдик оозеки чыгармачылыктын бул түрү тилди өнүктүрүүнүн практикалык каражаты катары балага сөздөрдү так айтууну, үндөрдү туура калыптандырууну жана дикцияны өркүндөтүүнү үйрөтөт. Жаңылмачтардын мазмуну жана түзүлүшү сөздөрдү тез-тез кайталоого негизделгендиктен, баланын сүйлөө аппараты активдүү иштейт, тил, эрин, жаак булчуңдары көнүгүү алат жана бул сөздү туура айтууга шарт түзөт.

Жаңылмачтарды угуп жана кайталап айтканда бала ар бир үн айырмачылыгын угууга жана аны туура айтууга көнөт. Мисалы, “Шыпыргыны шыпырып Шарип шыпырды” деген жаңылмачта “ш” жана “с” үндөрү биринин артынан бири тез кайталап айтылат. Бала бул үндөрдүн айырмасын угуп гана тим болбостон, аларды так жана ырааттуу айтууга аракет кылат. Натыйжада фонемалык угуу жана фонетикалык тактык бекемделет. Жаңылмачтар дикцияны өнүктүрүүдө да абдан маанилүү. Тилдин активдүү кыймылдарын талап кылган жаңылмачтарды кайталоо сөздүн так жана түшүнүктүү чыгышын камсыздайт. Айрыкча кыргыз тилиндеги “р”, “л”, “ш”, “ж”, “с” сыяктуу үндөрдү айтууда жаңылмачтардын ролу чоң. Балдар айрым үндөрдү туура айта албай кыйналганда, тарбиячылар жаңылмачтарды атайын көнүгүү катары колдонушат. Мисалы, “Кырк кырмызы кыргооч кыркылыптыр” деген жаңылмач “к” үнүн туура айтуу көндүмүн бекемдөөгө багытталат. Ошентип, жаңылмачтар фонетикалык кыйынчылыктарды жеңүүгө жардам берет жана баланын сүйлөө маданиятын өркүндөтөт.

Жаңылмачтар интонациялык өнүгүүгө да өбөлгө түзөт. Анткени аларды туура айтууда темп, ыргак жана үн басымы чоң рол ойнойт. Балдар жаңылмачты жаттап, аны тез жана так айтканга аракет кылышканда өзүнчө ритм жана үн башкарууну үйрөнүшөт. Бул процесс сөздөрдүн ичиндеги үндөрдү гана эмес, бүтүндөй сүйлөмдү туура айтууга шарт түзөт. Интонация менен темпти башкаруунун көндүмү кийин баланын сүйлөө компетенциясына түздөн-түз таасир этет.[5,152б ]

Жаңылмачтардын дагы бир өзгөчөлүгү – алардын оюн түрүндө колдонулушу. Мектепке чейинки балдар үчүн окутуу процессинде оюн элементтери өтө маанилүү. Жаңылмачтар жарыш түрүндө, топтук оюн катары айтылганда, балдардын кызыгуусу жогорулайт жана алар сүйлөө аракетине активдүү катышышат. Бул жагдай практикалык фонетикалык көнүгүүлөрдү көңүлдүү жана натыйжалуу кылып өткөрүүгө мүмкүнчүлүк берет. Балдар бири-бирине жаңылмач айтып берип, бири-бирин оңдоп, туура айтууга үйрөтүшөт. Бул өз ара баарлашуу тилдик өнүгүүнү социалдык-коммуникативдик чөйрөдө да бекемдейт.

Жыйынтыктап айтканда,жомоктор, табышмактар жана жаңылмачтар мектепке даярдоо тайпаларында колдонулуучу эң таасирдүү куралдардын бири болуп эсептелет. Алар балдардын интеллектуалдык, тилдик жана социалдык өнүгүүсүнө өбөлгө түзүп, сүйлөө көндүмдөрүн натыйжалуу кылат. Тарбиячылар жана мугалимдер бул элементтерди сабак учурунда активдүү колдонуу менен балдардын ой жүгүртүүсүн, креативдүүлүгүн жана тил байлыгын арттырып, коомдук чөйрөгө балдардын адаптацияланышына жардам бере алышат. Бул ыкмаларды сабакка туура жана натыйжалуу киргизүү балдардын тил үйрөнүү процессине болгон кызыгуусун арттырып, билимди жеңил жана көңүлдүү жол менен өздөштүрүүсүнө шарт түзөт. Ошондуктан, мектепке даярдоо программаларында жомоктор, табышмактар жана жаңылмачтарды үзгүлтүксүз колдонуу абдан маанилүү.

**Колдонулган адабияттар :**

1. А. Алимбеков “Кыргыз этнопедагогикасы” Бишкек.1996- 69-б
2. Таштемиров Ж, Байходжоев С, Закиров С.”Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки” Фрунзе.1973-ж. 464-б

3. А.Муратов Үч жүз жаңылмач (балдар үчүн) Б 2014-ж 72-б
4. Мырза.Сулайманов “Кыргыз балдар адабиятынын тарыхы” Ош.1992-ж. 91-бет
5. https://ilim.oshmpu.kg/index.php/01/issue/view/18/38 [150-154]
6 https://ilim.oshmpu.kg/index.php/01/article/view/238/163 [123-128]

**УДК:371.3:373.5**

# 12 ЖЫЛДЫК БИЛИМ БЕРҮҮДӨ ЗАМАНБАП ОКУТУУНУН УСУЛДАРЫН ПАЙДАЛАНУУНУН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

**Шербаева Жыпаргүл Рахманбердиевна,**
**Абдибалиев Эмилбек Абдыбаитович**
**ORCID: 0009-0002-8918-9593**
**Педагогика илимдеринин кандидаты, доцент**
**Ош мамлекеттик педагогикалык университети,**
**Ош шаары, Кыргызстан, zhipara71@mail.ru**

**Аннотация.**

Бул макалада Кыргызстандын Билим берүү системасындагы жаңылануунун негизги багыттарынын бири катары 12 жылдык билим берүүгө өтүү маселеси талдоого алынат. Азыркы шартта билим берүүнүн мазмунун, структурасын жана окутуу усулдарын жаңылоо коомдук-экономикалык өнүгүүнүн башкы талабы болуп саналат. 12 жылдык билим берүү модели окуучунун жаш өзгөчөлүгүн эске алуу менен билимди тереңдетип, дүйнөлүк тажрыйбага шайкеш келтирүүнү көздөйт. Авторлор макалада окутуунун салттуу жана инновациялык усулдарын салыштырып, алардын артыкчылыктарына токтолот. Айрыкча, интерактивдүү методдорду, долбоордук ишмердүүлүктү, критикалык ой жүгүртүүнү өнүктүрүүчү жана практикалык багыттагы усулдарды колдонуу билим сапатын жогорулатууга өбөлгө түзөрү белгиленет.

Мындан тышкары, макалада аталган билим берүү системасынын артыкчылыктары катары окуучулардын чыгармачылык жөндөмдөрүнүн ачылышы, өз алдынча билим алууга кызыгуусунун өсүшү, социалдык көндүмдөрүнүн калыптанышы жана эл аралык билим берүү мейкиндигине интеграцияланышы көрсөтүлөт. Натыйжада, 12 жылдык билим берүүдө окутуу усулдарын өзгөртүү билим сапатын жогорулатууга, компетенттүү адистерди даярдоого жана өлкөнүн билим берүү системасын дүйнөлүк деңгээлге чыгаруусуна шарт түзөт деген тыянак жасалат.

**Ачкыч сөздөр** билим берүү системасы, модел, модернизациялоо, стратегиялык багыт, ой жүгүртү, интеграция, инновациялык усулдар.

# ОСОБЕННОСТИ ИСПОЛЬЗОВАНИЯ СОВРЕМЕННЫХ МЕТОДОВ ОБУЧЕНИЯ В 12-ЛЕТНЕЙ СИСТЕМЕ ОБРАЗОВАНИЯ

**Шербаева Жыпаргуль Рахманбердиевна,**
**Абдибалиев Эмилбек Абдыбаитович**
**кандидат педагогических наук, доцент,**
**Ошский государственный педагогический университет,**
**г. Ош, Кыргызстан, zhipara71@mail.ru**

**Аннотация.**

В данной статье рассматривается переход на 12-летнее образование как одно из ключевых направлений обновления системы образования в Кыргызстане. В современных условиях обновление содержания, структуры и методов обучения является важнейшим требованием общественно-экономического развития. Модель 12-летнего образования направлена на углубление знаний с учетом возрастных особенностей учащихся и